БЕКИТЕМИН
ББЗИТИнин ректору
Б.Х.Кубаев

**Мамлекеттик тил боюнча проректордун**

**КЫЗМАТТЫК НУСКАМАСЫ**

**1.ЖАЛПЫ ЖОБО**

1.1. Мамлекеттик тил боюнча проректор административдик-башкаруу кызматынын курамына кирет, ректордун буйругу менен кызматка алынат жана бошотулат.

1.2. Мамлекттик тил боюнча проректор кызматына он жылдан кем эмес иш тажырыйбасы бар, жогорку кыргыз филологиялык билимге ээ адис дайындалат.

1.3. Мамлекеттик тил боюнча проректор Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун (мындан аркы ББЗИТИ) ректоруна түздөн-түз баш ийет.

1.4. Мамлекеттик тил боюнча проректор өз ишмердигине төмөнкүлөрдү:

-"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү " мыйзамын;

-ББЗИТИ нын уставын;

-эмгек тартибинин эрежелерин;

- ББЗИТИ Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин;

-Ректордун жана биринчи проректордун буйруктарын жана көрсөтмөлөрүн;

-эмгек коопсуздугу жана техникалык коопсуздук боюнча эрежелерди жетекчиликке алат.

1.5.Мамлекеттик тил боюнча проректор :

-Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын негизин;

- ББЗИТИнин башкаруу структурасын;

- ББЗИТИнин билим берүү процессин жана структуралык бөлүмдөрүнүн ишмердигин;

-эмгек коопсуздугу менен техникалык коопсуздук эрежелерин жана нормаларын;

-административдик, кылмыштуулук жана жарандык мыйзамдарды билиш керек.

**2.ФУНКЦИЯЛАРЫ**

Мамлекеттик тил боюнча проректордун функциялары:

- ББЗИТИдеги мамлекеттик тилди өнүктүрүү, жайылтуу иштерин жүргүзөт жана ага байланыштуу башка иштерди уюштурат;

-окутуучулардын жана кызматкерлердин мамлекеттик тилди үйрөнүүсү үчүн бардык шарттарды камсыз кылат;

## 3.КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ

Мамлекеттик тил боюнча проректор;

-мамлекеттик тилди өнүктүрүү, жайылтуу, жакшыртуу боюнча пландарды иштеп чыгат жана аны ББЗИТИнин Окумуштуулар кенешинде маалымат берет;

- ББЗИТИнин жетекчилигине мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери боюнча сунуштарды киргизет;

-"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү" мыйзамына ылайык нормативдик укуктук актылардын сакталышы боюнча иш чараларды иштеп чыгат жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт;

-мамлекеттик тилди өнүктүрүү маселелери боюнча деканаттар, кафедралар жана башка структуралык бөлүмдөр менен иш жүргүзүүгө милдеттүү.

## 4.УКУГУ

Мамлекеттик тил боюнча проректор;

-мамлекеттик тилди жайылтуу, ага тиешелүү маселелерди чечүүдө баардык структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилер менен өз ара кызматташууга жана алардын керектүү малыматтарды алууга;

-өзүнүн кызматтык укуктарын жана милдеттерин аткарууда ББЗИТИнин жетекчилигин көмөк көрсөтүүсүн талап кылууга;

-мамлекттик тилдин өнүгүшүнө салым кошуп жаткан ББЗИТИнин кызматкерлерин сыйлыктарга көрсөтүү сунушун жетекчилигин кароосуна коюга;

- ББЗИТИнин кирүү жана бүтүрүү сынактарына катышууга;

-мамлекеттик тил маселеси боюнча башка уюм-мекемелер жана жогорку окуу жайлар менен өз ара кызматташууга укуктуу.

## 5.ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Мамлекеттик тил боюнча проректор:

-кызматтык нускамасы көрсөтүлгөн өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын административдик жана жарандык мыйзамдарына ылайык:

-материалдык зыян келтирилгендиги үчүн Кыргыз Республикасынын эмгек, кылмыштуулук жана жарандык мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

**Мамлекеттик тил боюнча проректордун**

**ЖОБОСУ**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Мамлекеттик тил боюнча проректор ББЗИТИде мамлекттик тилди өнүктүрүү, жайылтуу максатында түзүлөт.

1.2. Мамлекеттик тил боюнча проректор ББЗИТИнин структуралык бөлүмү болуп саналат.

1.3. Мамлекеттик тил боюнча проректордо төмөнкү штаттык бирдик каралган:
-кыргыз тил котормочусу.

1.4. Мамлекеттик тил боюнча проректордун укуктук негизин: Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү" мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары жана Өкмөттүн токтомдору, ББЗИТИнин ректорунун буйруктары түзөт жана аларды жетекчиликке алат.

## 2.НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ

2.1 Мамлекеттик тилди өнүктүрү боюнча ББЗИТИнин структуралык бөлүмдөрүнүн ишин жолго коюп, иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө көмөк көрсөтөт.

2.3. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча керектүү окуу куралдарын, адабияттарды чогултат жана жайылтат.

2.4 Адистиктерге байланыштуу терминдердин жыйнап, Терминкомдун талкуусуна коет.

2.5. Терминкомдо кабыл алынган жаны терминдерди ББЗИТИнин кызматкерлерине, окутуучуларына маалымдайт.

2.6. "Мамлекеттик тил бурчун" уюштуруп, иш кагаздарынын кыргызча үлгүлөрүн илет.

2.7. ББЗИТИнин окутуучулары жана кызматкерлери үчүн мамлекеттик тилди үйрөтүү курстарын уюштурат.

2.8 ББЗИТИнин сыртка жөнөтүлүүчү жана ички иш кагаздарын мамлекеттик тилде даярдайт, расмий тилдегилерин мамлекеттик тилге которот.

## 3.ӨЗ АРА АРАКЕТТЕШҮҮ

3.1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча Улуттук комиссия, КР Билим берүү жана илим министрлигинин Мамлекеттик тилди өнүктүрүү сектору менен ББЗИТИнин ортосундагы тыгыз байланышты камсыздайт жана мамлекеттик тилге байланышкан маселелерди макулдашат.

3.2. Мамлекеттик тилге байланышкан маселелер боюнча кызматкерлерге, окутуучуларга багыт, кенеш берет, түшүндүрүү иштерин жүргүзөт.

3.3. Окутуу мамлекеттик тилде жүргүзүлгөн тайпалар жана аларга сабак берген окутуучулар менен иш алып барат.

3.4.Мамлекеттик тилге байланышкан маселелер боюнча башка мекеме-уюмдар, окуу жайлар менен өз ара кызматташат.

4.УКУГУ

4.1. Окутуу мамлекеттик тилде жүрүзүлүүчү тайпалардын жыл сайын көбөйүшүн көзөмөлдөйт.

4.2. Көрнөк- жарнама, кулактандыруу жана башкаларды жазууда кыргыз тилин жазуу эрежелеринин сакталышын көзөмөлдөйт.

4.3. ББЗИТИнин иш кагаздарынын " Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү " мыйзамына ылайык жүргүзүлүшүн көзөмөлдөйт.

4.4. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү, жайылтуу маселелери боюнча ББЗИТИнин жетекчилигине сунуш киргизет.

4.5. Мамлекеттик тилде даярдалган усулдук колдонмолорду, окуу китептерди текшерип, басып чыгарууга макулдук берет.

5.ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Мамлекеттик тил боюнча проректор өзүнө тиешелүү милдеттерди, тапшырмаларды өз убагында аткарбагандыгы үчүн мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат.

5.2. Мамлекеттик тил боюнча проректор жободо каралган милдеттерин аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын учурдагы Эмгек кодексине ылайык жоопкерчилик тартат.

**Макулдашуу барагы**

| | |
|---|---|
| Илимий иштер боюнча проректор | Саякова М.К. |
| Окуу иштери боюнча проректор | Шадыканова Т.С. |
| Эл аралык байланыштар жана регионалдык билим берүү боюнча проректор | Жаманкулов Ж.М. |
| Кызматкерлердин кадрдык иштери бөлүмүнүн башчысы | Жусупжан к.Жылдыз |